КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
ОРТО-КАЙЫНДЫ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРТО- КАЙЫНДЫ

**XI- сессия** **I – чакырылыш**

# ТОКТОМ

2026 – жылдын 06- апрели № 52 Вознесеновка а.

## Орто-Кайынды айыл аймагында таштандыларды чыгаруу боюнча тарифтерди бекитүү жөнүндө

Орто-Кайынды айыл өкмөтүнө караштуу " Демилге" муниципалдык ишканасынын айыл аймагында таштандыларды чыгарууну уюштуруу жана алардын тарифтерин бекитип берүү жөнүндө айыл өкмөтүнүн кайрылуусун карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай - коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин " Кыргыз Республикасынын аймагында тиричиликтин каттуу калдыктарын жыйноо, ташуу жана жайгаштыруу боюнча тейлөө кызматынын тарифин эсептөө Методикасын бекитүү" тууралуу 2017-жылдын 15-ноябрындагы № 202 – буйругун жетечилике алып , Кыргыз Республикасынын " Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө " Мыйзамынын 34 - беренесинин 2-бөлүгүнүн 11–пунктуна ылайык Орто-Кайынды айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Орто-Кайынды айыл аймагында " Демилге" муниципалдык ишканасынын айыл аймактагы таштандыларды чыгаруу боюнча тарифтери тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Орто-Кайынды айыл аймагында таштандыларды өз убагында чыгарууну уюштуруу, таштандыларды чыгаруу боюнча бекитилген тарифтин негизинде төлөмдөрдү өз убагында чогултуу " Демилге" муниципалдык ишканасынын жетекчиси Э.Д.Досмамбетовго жүктөлөт.
3. Ушул токтом каттоого алынсын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министирлигине жөнөтүлсүн.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Орто-Кайынды айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Э. Баязовага жана айылдык кеңештин бюджет, каржы ,экономика, салык жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага К.М.Мырзагелдиев

Тиркеме
Орто-Кайыңды айылдык
кеңешинин 2026-ж 06.04. №___
токтому менен бекитилген

25

Макулдашылган
Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнүн
башчысы __________Ж.Э.Баязова

Бекитем
“ Демилге” МИ жетекчиси
_________ Э.Д.Досмамбетов

**Калдыктарды жайгаштыруу , чогултуу,чыгаруу кызматтарына баалардын прейскуранты**

| **№** | **Кызматтын аталышы** | **Өлчөө бирдиги** | **Сом** |
|---|---|---|---|
| 1 | Кызматтын баасы айына, салык эске алынбаганда | 1 кг | 2 |
| 2 | Кызматтын баасы айына, салык эске алынбаганда | 1 кожолука 1 айда | 150 |
| 3 | Юридикалык жактар жана коммерциялык жактар үчүн кызматтын баасы айына ,салык эске алынбаганда | 1 жумушчуга | 9 |
| 4 | Юридикалык жактар жана коммерциялык жактар үчүн кызматтын баасы айына ,салык эске алынбаганда | Жалпы аянты 1 м2 | 10 |

**Башкы бухгалтер** **Б.К. Космосаалыев**